**Кабыл алынды:** **Бекитилди:**

**№ 1 пед.кеңешме** **Мектеп директору:** ________

**«_1_» 09 2010-жыл** **А. А. Карагулова**

**Шабдан Ата атындагы жалпы билим берүү орто мектебиндеги жалпы чогулуш жана ата-энелер жөнүндө жобо**

*Кыргыз Республикасынын билим берүү Мыйзамынын 38, 27 – беренелерине жана мектептин уставына ылайык*

- Билим берүү уюмдарын башкаруу демократиялуулук, борборлоштуруудан окчундоо, өз алдынчалуулук жана өз алдынча башкаруу принциптеринде курулат.

- Жалпы чогулуш ( ата-энелер менен бирге) Шабдан Ата атындагы жалпы билим бер орто мектебинин өз алдынча башкаруунун формасы болуп саналат.

- Жалпы чогулуш мектептин жылдык рланына жараша чейрегине бир жолу, айрым учурларда зарылдыгына жараша кезексиз чогулуш чакырылат.

- Жалпы чогулушта мектептин сапаттуу билим берүү, тарбиялоо, балдардын мугалимдерди коопсуздугун сактоо, алар үчүн жагымдуу шарттарды түзүп берүү ж.б.маселелер боюнча аткарылып жаткан иштери талкууланып, баа берилип, алдыдагы максат, милдеттер коллегиялдуу аныкталат.

- Жалпы чогулушта ата-энелер тарабынан колдоолор, кетирилген кемчиликтер, айрым учурда мугалимдердин ишине кедергисин тийгизип жаткан учурлар талкууланат жана тиешелүү чечимдер кабыл алынат.

- Жалпы чогулуштан тышкары ата-энелерге түшүндүрү, балдарды тарбиялоодогу билим дерин өркүндөтүү мектеп менен ата-энелердин тыгыз байланышта иштөөсүн камсыздоо максатында “Ата-энелер университеттери” өткөрүлөт.

**27-берене. Ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) укуктары менен милдеттери**

- Жаш балдардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөндөгүлөргө укуктуу:

- окутуунун формасын, билим берүү уюмдарынын тибин жана түрүн тандап алууга, ошондой эле балага үй-бүлөдө билим берүүгө (өзгөчөлөнгөн, бөтөнчө жагдайларда);

- баланы окутуунун кайсы гана этабында болбосун окуусун улантуу үчүн билим берүү уюмдарына жиберүүгө;

- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында окуп жаткандардан билим алуу укугун сактоону талап кылууга.

- Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) өзгөчө учурларда үй-бүлөдө балага жалпы башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим берүүгө укуктуу. Үй-бүлөдө билим алган бала аттестациядан жакшы өткөндө окутуунун кайсы гана баскычында болбосун ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) чечими боюнча билим алуусун билим берүү уюмунда улантууга укуктуу.

**Мектептин уставына ылайык:**

- жалпы билим берүүчү мектебинин жана жалпы билим берүүчү мектебиндеги окутуу формасын тактоого;
- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана таламдарын коргоого;
- жалпы билим берүүчү мектебинин Уставында берилген формада жалпы билим берүүчү мектебин башкарууга катышууга;

- Ата-энелер жалпы билим берүүчү мектебтин Уставын алардын укуктарына жана милдеттерине тиешелүү бөлүгүн аткарууга жана балдарынын билим алышынын зарыл шарттарды түзүүгө жана тарбиялоо үчүн жоопкерчилик тартууга, баланын укуктары жөнүндө конвенциянын принциптерин сактоого милдеттүү.
- Ата-энелердин башка укуктары жана милдеттери жалпы билим берүүчү мектебинин Уставына ылайык келишим түзүү жөнүндө алар менен жалпы билим берүүчү мектебинин ортосунда түзүлгөн келишимде бекемделиши мүмкүн.

**Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- негизги билим алууда балдардын жашоосу, окуусу жана алардын шыгын өөрчүтүү үчүн талаптагыдай шарттарды түзүүгө, алардын дене-боюнун жана психикалык саламаттыгына дайыма кам көрүүгө;

- баланын ар намысын ызаттоого, эмгекти сүйүүгө, мээримдүүлүк жана боорукердик сезимдерин ойготууга, үй-бүлөгө, жашы боюнча улууларга, мамлекеттик жана эне тилге, элдик үрп-адаттарга, салттарга ызаттоо менен мамиле жасоого тарбиялоого;

- элдин улуттук, тарыхый, маданий баалуулуктарын урматтоого, тарыхый-маданий мурастарга жана айлана чөйрөгө аяр мамиле жасоого, Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоого;

- жалпы билим берүү уюму менен үзгүлтүксүз кызматташууну (ата-энелер чогулуштарына катышуу, мугалимдердин баланы окутуу жана тарбиялоо боюнча педагогдордун сунуштамаларын аткаруу) колдоого;

- ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) билим берүү уюмунун аймагынан сырткары, окуудан тышкары убакта болгон балдардын саламаттыгы жана өмүрү үчүн толук жоопкерчилик тартышат.

- Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) баланын жалпы негизги билим алышы боюнча милдеттерин аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык администрациялык жоопкерчилик тартышат.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 176 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*